Математика жана информациялык технологиялар факультетинин информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№10 ПРОТОКОЛУ**

*24-май, 2021-жыл.*

*Төрага:* А.М. Токторбаев
*Катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын мүчөлөрү

*Каралуучу маселелер:*
1. Окуу планга иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын жана студенттердин суроо-талаптарынын негизинде жаны дисциплиналарды кошуу.

**1-маселе**

**Угулду:**

*Токторбаев А. (ИСП кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к, доцент):* 2020-21-окуу жылында мекеме-ишканалардын жана студенттердин сунушу менен жаны дисциплиналарды кошуу маселеси каралууда. Программалоо багыты тез өнүккөндүгүнө байланыштуу, заман талабына ылайык кайсыл дисциплиналарды окуу планга кошууну сунуштайсыздар.

*Айтбай кызы А.* (*ИСП кафедрасынын п.и.к., доценти*): “ИСТ” бакалавр программасынын окуу планына “Кесиптик ишмердүүлүк” дисциплинасын кошууну сунуш кылам. Бул дисциплина студенттерди маалыматтык технологиялар тармагындагы кесиптик ишмердүүлүккө даярдоого жардам берет.

*Сактанов У.* (*ИСП кафедрасынын ф.-м.и.к., доценти*): “ИСТ” магистратура программасынын окуу планына “Эксперттик системалар” дисциплинасын киргизүүнү сунуштайм. Бул тема маалыматтык системалар тармагында эксперт болууну каалаган студенттер үчүн актуалдуу. Студенттер бул жаатта керектүү билимдерди ала алышат.

Тажикбаева С. (*ИСП кафедрасынын улук окутуучусу*): окуу планына “Блокчейн технологиялары” дисциплинасын кошууну сунуштайм. Бул тема барган сайын актуалдуу болуп баратат жана студенттер бул жаатта керектүү билимдерди ала алышат.

*Абдумиталип уулу К. ( ИСП кафедрасынын окутуучусу):* окуу планына «Маалыматтык технологиялардын жаңы тенденциялары» деген жаңы дисциплинаны кошууну сунуштайм. Бул дисциплина студенттерге IT тармагындагы акыркы жаңылыктардан кабардар болууга жардам берет.

*Токторбаев А. (ИСП кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к, доцент):* сунушталган дисциплиналарды талкуулайлы. Кимиңиздерде бул тууралуу комментарий же сунуш бар?

*Төлөбаева К.* (*Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу*): бул сунуштар маанилүү деп эсептейм. Эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон жаңы технологияларды изилдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон компотенттүү кадрларды даярдоодо чындыгында эле окуу планын толуктап, студенттерге тиешелүү билимдер берилет.

Коюлган маселени угуп кеңешме **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кафедранын мүчөлөрү бир добуштан колдоп "ИСТ" бакалавр программалары үчүн кеңешмедеги сунуштарды эске алуу менен жаңы "Кесиптик ишмердүүлүк" жана "ИСТ" магистратура программалары үчүн "Эксперттик системалар" дисциплиналары окуу пландарына кошулсун;
2. бул чечимди көзөмөлдөө кафедра башчысы А.М. Токторбаевге жүктөлсүн.

Кеңешменин төрагасы А.М. Токторбаев

Катчы Н.А. Абдирайимова